**Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин «Табигый илимдер «усулдук бирикмесинин чогулушунун**

№1 токтому

28.08.2020 Катышканы-5

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Календардык пландардын даярдыгы

2.Аралыктан окутуу даярдыгы.

1-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп кетти .

Угулду:

Урматтуу мугалимдер быйылкы окуу жылы да онлайн түрүндө башталды ошол себептүү календардык пландарга теле сабактарды кошо жазып кетүүбүз керек Календардык план түзүү боюнча кимде кандай сунуш ой пикирлер бар?

Жарыш сөзго география мугалими Туманов К чыкты.

Быйылкы окуу жылына карата календардык пландар шаардык усулдук бирикмеси менен биргеликте түзүлдү. Планга теле сабактар да коюлган , эгерде кимде коюлбаган болсо теле сабактардын жабдыбалынан пайдаланып коюп чыкса болот

Усулдук бирикменин мучөсүндөгү мугалимдер баары жогорудагы сунуштарды угуп талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды

Чечим:

1. Ар бир предметтик мугалим шаардык усулдук бирикме жетекчиси менен байланышып календардык пландар түзүлүп, жетекчи тарабынан текшерилип пландарга теле сабактары белгиленип жазылсын .

2-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Н токтолуп кетти.

Угулду:

Балдарды аралыктан окутуу да сабактарды кызыктуу өтүү үчүн видео сабактарды даядоо зарыл , ал учун кандай программаларды колдоно аласыздар ар бириниздер өз ойлоруңуздар менен бөлүшө кетиниздер.

Кийинки жарыш сөзгө информатика мугалими Салиева Назгул чыкты.

Угулду:

Сабактарга YOUTUBE каналын колдонууга болот, андан сырткары өзүбүз даярдоодо Inshot , Kine Master колдонмолорун колдонууга болот

Бирикме мугалимдери жогоруда айтылган сунуштарды угуп талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алынды.

Чечим:

Ар бир предметтик мугалим өзүнө ыңгайлуу болгон колдонмону колдокуу менен видео сабактарын даярдасын .

Мугалимдердин сабактагы даярдыгын көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикме жетекчиси: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин «Табигый илимдер» усулдук бирикмесинин жыйынынын

№2 токтому

06.11 2020

Катышканы -5

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Аралыктан окутуу убагында биринчи чейрек ичинде аткарылган иштердин жыйынтыгы

2.Экинчи чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар.

1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер 1-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш чаралар аткарылды:

Август айында бирикменин курамындагы мугалимдер такталып ,уюштуруу иштери жүргүзүлдү:

1.Окуу планын талдоо

2.Мугалимдердин саат жүктөмүнүн бөлүнүшү.

3.Ар бир предметтик мугалимдер шаардык усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып предметтик стандартка ылайык календардык тематикалык пландар теле сабактар камтылып түзүлдү .

Сентябрь айында кырдаалга байланыштуу окуучуларга онлайн сабактарын өтүүдө видео сабактарын даярдоо жолдорун үйрөнүү , тажрыйба алмашуу максатында шаардык билим берүү бөлүмүнүн адистери Абдикеримова Гулзада жана Чынара тарабынан уюштурулган семинарларга катышуу менен видео сабактарын , окуучулар үчүн онлайн тест түзүүнүн оной жолдору боюнча маалыматка ээ болушту

Өз билимин өркүндөтүү максатында «Компьютерди өздөштүрүү» курсттук окуусуна катышып сертификат алышты

Ар бир предметтик мугалим телефон жана компьютерде өзүнө ыңгайлуу болгон You Tube, Inshot, Kine Master жана башка колдонмолорду колдонуу менен видео сабактарын даярдап окуучуларга сабак берип кайтарым байланыш жасап жатышат.

Октябрь айында ар бир предметтик мугалим шыктуу жана өздөштүрүүсү начар балдар менен иштөө иш пландарын түзүп , окуучулардын тизмелерин тактап окуучунун деңгээлине карата жекече тапшырмаларды даярдап иш алып барууда.Окуучулардын

жетишүүсүнүн жыйынтыгы боюнча ай сайын мониторинг жүргүзүлүүдө.Чейрек ичинде аткарылган иш –чаралар боюнча өз оюңуздарды билдире кетиниздер.

Кийинки жарыш сөзгө физика мугалими Мурзакулова Айзирек чыкты.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер чындыгында кырдаалга байланыштуу аралыктан окутууда көп кыйынчылыктар жаралды.Окуучулардын ар биринде телефондун, интернет байланыштарынын жоктугунан балдар сабактарга толугу менен катыша албай жатты.Бирок биздин мугалимдер сабактарды балдарга кызыктуу өтүүгө аракет жасашты.

Жыйын катышуучулары бирикме жетекчисинин маалыматын угуп талкуулоо менен төмөнкүдөй чечим кабыл алды

Чечим:

1.Бирикменин 1-чейрек ичинде аткарган иш чаралары канаттандыраарлык деп табылсын

2-маселе боюнча бирикме жетекчиси Токурова 2 чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар менен тааныштырып кетти :
Угулду:
2020-2021-окуу жылына карата түзүлгөн иш пландын негизинде төмөнкүдөй иш чараларды аткарабыз:

1.Ноябрь айында мектептик олимпиадага даярдоо иштерин күчөтүү
2.Математика сабагы боюнча айлампа дептерлердин абалын текшерүү
3.Декабрь айында мектеп ичинде олимпияда өткөрүү
4.Математика жумалыгын өткөрүү
Кимде кандай сунуш ой- пикирлер бар?
.
Жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева Гулкан чыкты:

Бүгүнкү күндө окуу толугу менен мектепте болбой жаткандыктан жумалыктын кээ бир иш чараларын онлайн түрүндө да өткөзөмүн. Ошону менен бирге мугалимдер онлайн сабактарын өтүүгө өзгөчө көңүл бөлүү менен күчөтсөк, себеби олимпиада өткөзүлөт.

Кийинки сөзгө география мугалими Туманов К. чыкты :
Угулду:
Мен да Гулкан эжекенин сөзүнө кошуламын, окуучуларды олимпиадага жакшы аракет менен даярдоо керек . Ата-энелер менен да байланышуу зарыл.

Усулдук бирикме мугалимдери баары жогорудагы ой-сунуштарды угуп, талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды

Чечим:

1. Ар бир предметтик мугалим олимпиадага окуучуларды даярдоону кучөтүү, ата –эне , класс жетекчи менен да тыгыз байланыш түзүлсүн

2. Онлайн сабактарын өтүүдө видео сабактар даярдалсын

Мугалимдерди көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Токурова.Н.

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жан так илимдер"усулдук бирикмесинин жыйынынын

№3 токтому

08.01.2021-ж Катышканы-6

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.2-чейрек ичинде аткарылган иштердин жыйынтыгы

2.Шаардык олимпиадага даярдык

Биринчи маселе боюнча бирикменин жетекчиси Токурова Н сөз сүйлөдү

Угулду: 2020-2021- окуу жылына карата пландын негизинде 2-чейрек ичинде иш-чаралар аткарылды.Ноябрь айында математика сабагы боюнча 5-9-класс окуучуларынын айлампа дептерлери текшерилди.Жыйынтыгында окуучулар №1, №2 иш дептерлери ачылган Абалы орто , мугалим тарабынан текшерилип турат.Текшерүү убагында кээ бир окуучулардын дептерлери сыртталган эмес,абалы начар болгондор мугалим тарабынан эскертилип,жаңыланды.Мектеп ичинде шыктуу окуучулардын ортосунда предметтик олимпиада төмөнкүдөй графикте өткөрүлдү

| № | Предмети | Классы | Мөөнөтү | Убактысы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Биология,химия | 5-9 класс | 04.12.2020 | 15.00-17.00 | Токурова Н<br>Бакулова З |
| 2 | Математика | 5-9 класс | 07.12.2020 | 15.00-17.00 | Боркобаева Г |
| 3 | География | 5-9 класс | 08.12.2020 | 15.00-17.00 | Токурова Н<br>Туманов К |
| 4 | Физика,информатика | 5-9 класс | 09.12.2020 | 15.00-17.00 | Мурзакулова А |

Чейрек ичинде аткарылган иштер боюнча кимде кандай сунуш,ой пикирлер болсо билдириңиздер.

Жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева Г чыкты.

Угулду: Чейрек ичинде планга коюлган иш-чаралар аткарылды,кемчиликтер толукталды.

Кийинки жарыш сөзгө география мугалими Туманов К чыкты.

Угулду: Мен да Боркобаева Г эжекенин сөзүнө кошулам ,бардык мугалимдер иш-чараларды аткарууга аракеттениушти.Бирикменин 2-чейрек ичинде аткарган иштерин канааттандыраарлык деп ойлойм.

Жыйын катышуучулары жогоруда айтылган сунуш ой-пикирлерди угуп төмөнкүдөй чечим алышат

Чечим:

1 Бирикменин 2-чейрек ичинде аткарылган иштери канааттандыраарлык деп табылсын

Экинчи маселе боюнча информатика мугалим Мурзакулова А чыкты.

Угулду: Жакында шаардык олимпиада өткөрүлөт,бардык предметтик мугалимдер мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиададан жеңүүчү болгон окуучуларыбызды өзгөчө даярдык менен даярдашыбыз керек .

Кийинки жарыш сөзгө биримке жетекчиси Токурова Н чыкты.

Угулду: Олимпиадага окуучуларды даярдоодо окуу китеби менен эле чектелбестен,башка тест жыйнактарын, интернет булактарын колдонуу керек

Жогоруда айтылган сунуш,ой пикирлерди угуп жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим алышат

Чечим:

1.Предметтик мугалимдерге шаардык олимпиадага окуучуларды өзгөчө даярдык менен даярдоо иштери күчөтүлсүн

2. Олимпиада даярдыгын көзөмөлдөө биримке жетекчисине жүктөлсүн

Биримке жетекчиси: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жана так илимдер"усулдук бирикмесинин жыйынынын

№4 токтому

30.03.2021-ж Катышканы-6

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.Бирикменин 3-чейрек ичинде аткарган иштеринин жыйынтыгы

2.Окуу планынын аткарылышы

Биринчи маселе боюнча бирикменин жетекчиси Токурова Н сөз сүйлөдү

Угулду: Чейрек ичинде предметтик мугалимдер тарабынан иш-чаралар аткарылды.Январь айында өткөрүлгөн шаардык олимпиадага төмөнкү окуучулар активдүү катышышты.

| № | Аты-жөнү | Предмети | Классы |
|---|---|---|---|
| 1 | Маманазарова Г | география | 9-класс |
| 2 | Машрапов У | биология | 9-класс |
| 3 | Токторбаева Ж | физика | 9-класс |
| 4 | Караев Д | информатика | 9-класс |
| 5 | Кутукали к А | химия | 9-класс |
| 6 | Кутукали к Алина | Тарых | 9-класс |

Январь айында физика-информатика жумалыгы өткөрүлдү.Жумалыкты Мурзакулова Айзирек тарабынан төмөнкү планда өттү.

| № | Иш мазмуну | мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Физика-информатика жумалыгынын ачылышы | 22.01.2021 | Мурзакулова |
| 2 | Чыгармачылык ачык сабак | 23.01.2021 | Мурзакулова |
| 3 | "Кыймылдуу моделдер"макеттерди жасоо | 24.01.2021 | Мурзакулова |
| 4 | "Акыл ордо"интеллектуалдык таймашы | 25.01.2021 | Мурзакулова |
| 5 | Жыйынтык | 26.01.2021 | Мурзакулова |

Январь айында физика мугалими Мурзакулова А 8-класс окуучуларына "Электр тогу , ток күчү"деген темада ачык сабак өттү.

Февраль айында Токурова Н тарабынан "Канаттууларды коргойлу" темасында төмөнкү темада жумалык өткөрүлдү.

| № | Иш мазмуну | Убактысы | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 15.02.2021 | Токурова |
| 2 | Ачык сабак | 16.02.2021 | Токурова |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Көргөзмө | 17.022021 | Токурова |
| 4 | Сүрөт конкурсу | 17.02.2021 | Токурова |
| 5 | Биологиялык кече | 18.02.2021 | Токурова |

Март айында математика жумалыгы өткөрүлдү.Жумалыкты Боркобаева Г төмөнкү планда өткөздү.

| № | Аткарылган иш-чара | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 01.03.2021 | Боркобаева |
| 2 | “Мыкты буклеттер “ сынагы | 02.03.2021 | Боркобаев |
| 3 | “Мыкты дептер” сынагы | 03.03.2021 | Боркобаева |
| 4 | Жыйынтыктоо | 04.032021 | Боркобаева |

Чейрек ичинде аткарылган иштер боюнча кимде кандай сунуш бар?

Жарыш сөзгө информатика мугалими Мурзакулова чыкты

Угулду: Чейрек ичинде план боюнча аткарылуучу иш-чаралардын баары аткарылды.Бирикменин иши канааттандыраарлык деп ойлойм.

Жогорудагу маалыматтарды угуп,талкуулоо менен жыйын катышуучулары төмөнкүдөй кабыл алышат

Чечим:

1.Бирикменин 3-чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын

Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Г сөз сүйлөдү

Угулду: Окуу планынын аткарылышын кароо болду.Жыйынтык боюнча сабактар өз убагында өтүлүп жатат.Чейректик тесттер жазылып,текшерилип журналга баалар түшүрүлгөн.Текшерүү иш, практикалык иш дептерлери толукталуусу зарыл.

Жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева чыгып текшерүү иш дептерлеринин абалы, толуктоо боюнча окуучуларга,класс жетекчилерге эскертилгендигин айтып өттү

Жогорудагы сунуштарды угуп, жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

1.Окуучулардын текшерүү иш,практикалык иш дептерлери предметтик мугалимдер тарабынан толукталсын

2.Көзөмөлдөө жагы бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикме жетекчиси: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жана так илимдер" усулдук бирикмесинин жыйынын

№5 токтому

04.06.2021-ж Катышканы-7

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 4-чейрек ичинде бирикменин аткарган иштеринин жыйынтыгы
2. 2020-2021-окуу жылындагы бирикменин аткарган иштеринин жыйынтыгы

Биринчи маселе боюнча бирикменин жетекчиси Токурова сөз суйлөдү

Угулду: Бирикмеде апрель айында география предметинин мугалимдери Туманов К жана Токурова "Саякат" темасында жумалык өткөздү.География мугалими Туманов 9-класс окуучуларына "Баткен областы", Токурова Н 8-класс окуучуларына "Кыргызстандын биологиялык ар түрдүүлүгүн коргоо,өзгөчө корголуучу аймактар"деген темаларда ачык сабак өтүштү.Май айында химия сабагынан Бакулова Зиеда 8-класс окуучуларына "Оксиддер " темасында ачык сабак өттү.Чейрек ичинде аткарылган иштер боюнча өз пикир,сунуштарыңыздарды билдире кетсеңиздер

Жарыш сөзгө химия мугалими Бакулова сөзгө чыгып,чейрек ичинде план боюнча аткарылуучу иш-чаралар толук аткарылгандыгын айтып өттү.

Кийинки жарыш сөзгө Туманов К чыгып,ал да өз сөзүндө Бакулованын сөзүнө кошулаарын билдирди.

Жыйын катышуучулары жогорудагы пикир,сунуштарды угуп төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

1.Бирикменин чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын

Экинчи маселе боюнча бирикме жетекчиси сөзгө чыгып,бирикменин жыл ичинде аткарган иштери боюнча маалымат берди.

Жарыш сөзгө усулдук кеңештин жетекчиси Сайпидинова У чыкты

Угулду: Бирикме 2020-2021 –окуу жылына карата түзүлгөн иш планынын негизинде иш алып барды.Предметтик мугалимдер баары иш-чараларды аткарууга аракет жасашты.Келээрки окуу жылында мугалимдер тарабынан мындан да күчтүү,активдүү иш алып барылуусу керек.

Жогоруда айтылган сунушту угуп жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

1. 2020-2021-окуу жылында аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын
2. 2021-2022-окуу жылына даярдыктар көрүлсүн

Бирикменин жетекчиси: Токурова Н